УДК 327 (575.2+519.5): [008+37]

# ВЗАИМООТНОШЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И РЕСПУБЛИКИ КОРЕЯ В СФЕРЕ КУЛЬТУРЫ И ОБРАЗОВАНИЯ

*А.Т. Ормонова*

Рассматриваются становление и нынешнее положение взаимоотношений Кыргызстана и Кореи в сфере культуры и образования.

*Ключевые слова:* Корея; взаимоотношения в сфере культуры; взаимоотношения в образовательной сфере; корейский фестиваль; корейский язык.

# COOPERATION BETWEEN THE KYRGYZ REPUBLIC AND THE REPUBLIC OF KOREA IN THE FIELD OF CULTURE AND EDUCATION

*A.T. Ormonova*

This *article shows the history and current state of cooperation between Kyrgyzstan and Korea in the field of culture and education.*

*Keywords:* Korea; cooperation in the field of culture; educational cooperation; Korean Festival; Korean language.

Кыргыз Республикасы 1991-жылдан баштап азаттыкты алгандан бери кызматташып келе жаткан өлкөлөрдүн бири − Корей Республикасы. Корея Түндүк-Чыгыш Азияда Корей аралында жайгашкан. Аянты 99 720 кв. километрди түзөт. 2015-жылы калкынын саны 50 426 810 түзгөн [1]. Корея 1910–1945 жж. Япониянын карамагында болуп, II дүйнөлүк согуштун аягында 15-августта 1945-ж. көз карандысыздыкка ээ болгон. 1948-ж. Корея Республикасы түзүлгөн. 1950-1953 жж. граждандык согуштун жыйынтыгында Корея эки мамлекетке бөлүнгөн: Корей Элдик Демократиялык Республикасы (Түндүк Корея) жана Корей Республикасы (Түштүк Корея). Корей Республикасы экономикасын кыска мөөнөттүн ичинде көтөргөн “Азия жолборсторунун” катарына кирет. Корея батыш маданиятын кабыл алуу менен, өз маданиятын сактап калган өлкөлөрдүн бири.

Кыргыз жана Корей Республикаларынын ортосунда 1992-ж. дипломатиялык мамиле түзүлгөн. Азыркы учурга чейин саясий, экономика, маданият жана билим берүү тармактарында кызматташуулар калыптанган.

Эл аралык мамилелерде маданият жана билим берүү байланыштар башка тармактагы кызматташуулардын өзөгү болуп эсептелинет. Башка элдин маданиятын таануу жана эки тараптуу маданий байланыштар башка элдин улуттук аң-сезимин билүүгө (түшүнүүгө) жана эки тараптуу кызматташууну бекемдөөгө жардам берет [2, 27-б]. Кыргыз жана Корей элдеринин маданияты, тили эки элди жакындатып турат. Эки элдин маданияты, анын ичинде салт, турмуш-тиричилиги, элдик оюндарынын окшоштугу кыргыз жана корей тилдеринин алтай тобуна киргендигине байланыштуу. Окумуштуулар корей тилин изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында корей тили түрк, монгол, венгер, фин, тибет ж.б. тилдерден турган урал-алтай тобуна таандык экени аныкталды [3, 14-б]. Бүгүнкү күндө түрк тилдеринин (ошондой эле, кыргыз тилинин) жана корей тилинин коомдук турмушка байланыштуу 1000 ге жакын сөздөрү окшош экендиги далилденди [4, 45-б].

Алыс жайгашканына карабастан Кыргызстан жана Корея тарыхый байланышы бар өлкөлөрдөн болуп эсептелинет. Түндүк-Чыгыш Азия тарых фондунун директору Ким Ен Доктун айтуусу боюнча тарыхый байланыш “Жибек Жолу” аркылуу өткөн. Борбордук Азиядагы элдер жана Корей аралыгындагы Когуре мамлекети (б.з.ч. 277 ж. – б.з. 668 ж.) “Улуу Жибек Жолу” аркылуу байланышып турушкан. Когуре мамлекетинин элдери кыргыз элинин таасирин байыркы көчмөн элдеринин бири скифтердин маданияты аркылуу алышса, ал эми,

Когурё Борбордук Азиядагы жайгашкан өлкөлөргө (анын ичинде кыргыз элине) элчилерди жөнөтүп турган [5, 3-б].

Кыргызстан жана Кореянын маданий байланышы 90-жж. экинчи жарымында башталган. Кыргызстандагы корей группасынын алгачкы концерти 1995-ж. Бишкек шаарында өткөн. Сеулдагы С. Хван профессорунун демилгеси менен "Себи" группасы концерт берген [6, 1-б]. Ал эми, 1997-ж. 4-июнда Кыргыз Өкмөтү жана Корей Өкмөттөрүнүн ортосунда билим берүү тармагын камтыган маданий келишим түзүлгөн [7].

Азыркы учурда Кыргыз Республикасы менен Корей Республикасынын маданий кызматташтыгы Корей фестивалы, чет элдик корей фонду, жана эки өлкөдө болуп турган маданий иш чаралар аркылуу ишке ашат. Корей фестивалы алгач "кино фестивалдар" аркылуу жүргүзүлө баштады. Кийинчерээк бул фестивалдарга бир гана корей киносу эмес, музыка, бий ж.б. маданий иш чаралар камтыла баштады. 2002-жылы Кыргызстандагы корей элчилиги жана Корей маалымат кызматы тарабынан уюштурулган "Корей кино фестивалы" өтүп, ал фестиваль Кореянын Пусан шаарындагы Азия оюндарына арналган [8, 136-б].

Кореянын "халлю" агымы (Кореянын маданиятына кызыгуу) дүйнө жүзүнө таанылууда. Корей кино, музыка, тамак-аштары көп өлкөлөрдө белгилүү. Корей Фестивалы аркылуу корей маданияты менен жакыныраак таанышса болот. Ал фестивалдарда Корей киносу, музыка, улуттук тамак-ашы, спорт оюндары (таэквондо) боюнча мелдешүү аркылуу таанышуу тартууланат.

2007-жылдан баштап, 2016- жылга чейин жалпысынан сегиз фестиваль өткөрүлдү. Алгачкы Корей фестивалы 2007-ж. Корей элинин Борбордук Азияга көчүрүлгөнүнө 70 жылдыгына арналган фестиваль болуп өттү. Фестивалдын уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлиги болгон.1937-ж. Алыскы Чыгыштагы көчүрүлгөн корей эли Борбордук Азияда отурукташып калышкан [9]. Бул фестивалда Кореяда белгилүү болгон "Newest", "Storm" бийчилер топтору, "Проект Карина", "The Cross" группалары, "Пальгван", "Pairys" ансамблдери концерт беришкен [9].

Бишкек шаарындагы Корей фестивалдардын бири 2012- ж. (төртүнчү фестиваль) Кыргызстандын жана Кореянын дипломатиялык байланыштарынын калыптанышынын 20 жылдыгына арналган фестиваль болуп өткөн. Бул чоң иш чарада Кореядагы белгилүү бийчилер, музыканттар, спортсмендер катышышты. Андан тышкары, К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде Кореянын экономикалык жетишкендиктерине арналган жогорку деңгээлде семинар өткөрүлгөн [10, 5-б].

Корей Республикасынын Борбордук Азия мамлекеттеринде корей маданиятын жайылтуусунун бир себеби − корей диаспорасы болуп эсептелет [11, 99-б]. Азыркы учурда Кыргызстанда 17 миңдей корей эли жашайт [12].

Корей Республикасы чет мамлекеттеги корей элдеринин маданиятын сактап калуу үчүн жана өз мекени менен байланышын арттыруу үчүн иш чараларды жүргүзүп келет. Кыргызстандагы Корей ассоциациясынын маалыматы боюнча, чет элдик корей элдеринин колдоо фонду аркылуу Кореянын маданияты менен таанышуу үчүн бир нече программалар ишке ашат. Жыл сайын 20 окуучу жана 11 студент Кореянын маданияты менен таанышуу үчүн Кореяга барып келишет. Бул программа боюнча корей элинин салты, тарыхы, тамак-ашы, үрп-адаты менен тааныша алышат. Улгайган адамдар "Урпактар" программасы боюнча корей маданияты менен таанышуу максатында Кореяга барып келишет. Ошондой эле, жаш бизнес-лидерлер үчүн Кореяда семинарлар болуп турат.

Кыргызстандын маданияты менен корей эли эки өлкө жана Борбордук Азия мамлекеттери катышкан маданий иш чаралар аркылуу тааныша алышат. Корея Республикасы менен төмөнкүдөй маданий иш чаралар уюштурулган:

- 2009-ж. Кыргызстанда Кореядагы байыркы Когуре мамлекетинин (б.з.ч. 277 ж. - б.з. 668 ж.) дубал жазмаларынын көргөзмөсү болуп өткөн [5].
- 2011-ж. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министри Н. Шакиев Кореяга болгон иш сапарында Кванджу шаарына арналган маданий иш чарага катышкан. Андан тышкары, Корея Республикасынын маданият, спорт жана туризм министри, Сеул шаарынын мэри менен жолугушуулар болуп өттү [13]. Жолугушууда Корея Кыргызстанга кыргыз элдик жомок жана уламыштарын корей тилине которууга жана аларды басмадан чыгарып, жайылтууга көмөк көрсөтүүгө даяр экенин айтты. Ошондой эле, кыргыз элинин маданий мурастарын: "Манас" эпосун жана башка кичи эпосторду, улуттук музыка, элдик жомок, жана уламыштарды санариптик форматка өткөрүүгө жардам берүүсүн сунуш кылынып [14], 2015-ж. улуттук китепканада бул маселе боюнча жолугушуу болгон [13].
- Андан тышкары, Түштүк Корея "Манас", "Семетей", "Сейтек" эпостору жана манасчылар жөнүндө тасма тартышып, Кореянын телеканалдарында көрсөтүшөт [15].
- Жыл сайын уламыш, жомок, эпостордун эл аралык сценарий конкурсу өткөрүлөт. 2011-ж.

7-11- сентябрда Кыргызстанда болуп өткөн Дүйнөлүк эпосторунун II фестивалында Кореянын өкүлү да катышкан жана бул иш чараны өткөрүүдө көмөк көрсөткөн [13].

- 2013-ж. Корей жана Борбордук Азия өлкөлөрү менен маданият жана экономикалык кызматташууну жакшыртууну көздөгөн "Караван" иш чарасы БГУ да өттү.
- 2015-ж. Кыргызстандын өкүлдөрү Кореядагы Жибек-Жолунун маданиятына арналган "Silk Road Cultural Festival in Gyeongju 2015" фестивалдын ачылыш аземине катышкан [13].
- 2015-ж. Сеулдагы Корея менен Борбордук Азиянын мамлекеттери менен экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташууну жакшыртуу максатында өткөзүлгөн тогузунчу "Корея Республикасы – Борбордук Азия" форуму болуп өттү [13].

Маданият жана билим берүү тармагында Кыргызстан менен Кореянын адисттери ар кандай иш чаралар аркылуу тажрыйбалары менен бөлүшүп турушат. 1997-ж. БГУнун профессору К. Исаев Сеулдагы эл аралык конференцияга катышкан [16,138-б]. Кыргыз Республикасынын Маалымат, маданият жана туризм министрилигинин маалыматы боюнча 2008-ж. Сеулда маданий ресурстарды өнүктүрүү боюнча Корей жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн биринчи конференциясы болуп өттү. Анда Кыргызстан да катышкан. 2009-ж. Енгвол шаарында "Маданият жана искусство ЖОЖдору бир билим берүү мейкиндигинде: жаңы "Жибек Жолунун" чексиз маданияты" аталышы менен эл аралык симпозиум өттү [13].

2011-ж. Казакстанда Корей жана Борбордук Азия өлкөлөрүнүн маданий ресурстарын өнүктүрүү боюнча "Заманбап маданият жана маданий мурас" атту конференция өттү. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат жана туризм министрилигинин маалымат бөлүмүнө Корея Республикасынын "World Friends Korea" жана KOICA (Кореянын эл аралык кызматташуу боюнча агенствосу) тарабынан маалымат саясаты, санариптик теле берүү жана масс-медиа боюнча консультация берүүгө кеңешчи тартылган [13].

Корей Республикасы Кыргызстанга маданий максаттарга грант бөлүп берет. Тактап айтканда, 2013-ж. Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз Улуттук Академиялык драма театрына акустикалык системасын орнотууга жана жарык жабдууларды койдуруу үчүн грант бөлүнүп, ошондой эле, Г. Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт музейине грант бөлүнгөн [13].

2013-ж. А. Осмонов атындагы Улуттук китепканада Корей борбору ачылган. Борбордун негизги максаты-Корея маданиятын жайылтуу жана корей тилин үйрөтүү болуп саналат. Бул максатта ар кандай семинарлар, корей тили сабактары өткөзүлүп турат. Ошондой эле, Кореяга, анын маданиятына, тарыхына кызыккан окурмандарга жана корей тилин өздөштүрүүнү калоочуларга маалымат булактарын колдонуу мүмкүнчүлүгү бар. Андан тышкары, борбордо Кыргызстан жана Кореянын мамилелерин бекемдөөгө багытталган семинар, лекция, жолугушуулар уюштурулуп турат [17].

Ал эми, Кыргызстан менен Корей Республикасынын билим берүү кызматташтыгы университеттик байланыш аркылуу, Корей билим берүү борбору аркылуу жүргүзүлөт.

Кыргызстан жана Кореянын билим берүү кызматташтыгы 90-жж. Кыргызстандагы ЖОЖдордо корей бөлүмү ачылгандан баштап түптөлө баштаган. Биринчи Кыргызстанга китеп жана сөздүктөр Түндүк Кореядан да келген. Корей бөлүмдөрү ачылганда методикалык жана техникалык база ошондой эле, мугалимдер да жетишсиз болгон. Ушуга байланыштуу Пхеньяндан жана Сеулдан адисттер жардам көрсөтүшкөн [18. 97-б]. Бирок, Түндүк Кореядан кийинчерээк бул жардам токтотулган.

Кыргызстан менен Кореянын билим-берүү байланышы 90-жж. ортосунан башталган [16, 133-б]. БГУ да корей бөлүмү 1992-ж. Ачылып, китеп, сөздүк, аудио жана видеоматериалдар жана техникалык жабдуулар менен Корей Республикасынын жарандары, Кыргызстандагы Корей Ассоциациясы, Казакстандагы Корей билим берүү борбору жана Бишкектеги корей диаспорасы тарабынан колдоо көрсөтүлүп келген. 1995-ж. 5 студент Кореяда 3 айлык стажировка өтүшкөн [16,137-б]. Алматыдагы Корей Билим берүү борбору студенттердин стажировкасына колдоо көрсөтүүсү менен 1996-ж Сеулда 6 студент жана бир мугалим стажировка өтүп келишкен [16, 137-б].

1997-ж. БГУ да Корей элчиси Ли Ен Мин болгон. Ошол эле жылы 10-сентябрда "Тонг А Групп" корпорациясынын президенти Менг Чже Ли мырзага билим билим берүү тармагын жана кызматташтыкты өнүктүргөнгө "БГУнун Ардактуу профессору" наамы берилген. 1998-ж. БГУда корей борбору ачылган [16, 138-б].

1998-ж. Кореянын эл аралык кызматташтык боюнча агенствосунун (KOICA) программасы боюнча грант бөлүнүп, БГУда лингофондук кабинет орнотулган жана эки компьютердик класс техника менен жабдууланган [16, 138-б].

Кыргыз-Орус Славян университетинде корей бөлүмү 1994-ж. ачылган. 1998-ж. КРСУ жана Кванжу жогорку экономикалык колледждин ортосунда келишим түзүлгөн [19].

1998-ж. И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Педагогикалык Университетинин алдындагы

чыгыш тили жана маданият институтунда Алматыдагы Корей борборунун директору, жана Бишкектеги филиалдын директору болгон [20].

1999-ж. 12-мартта ОШ Мамлекеттик Университети жана “Интер-госпиталь” проектинин өкүлү Йон Кук Ко мырза менен кызматташтык жөнүндө келишим түзүлгөн [21].

Азыркы учурда корей тили Кыргызстандын төмөнкү окуу жайларында окутулат: К. Карасаев атындагы БГУ, КМУУ, И. Арабаев атындагы КМУ, КРСУ, КМДТСА, С. Нааматов атындагы НМУ, ОшМУ, ОшТУ, ОшСУ, Кыргыз-Корей колледжи.

Ошондой эле, 2014-ж. И. Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык Университетинде кыргыз-корей маалымат борбору ачылган. Бул борбордун максаты-Кыргызстандын жарандарын компьютердик сабаттуулукка үйрөтүү менен, Кыргызстандагы комьютердик коомдун түптөлүшүнө көмөк көрсөтүү, жана Кыргызстан менен Кореянын маалымат-коммуникациялык технология тармагында кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат [22].

Ал эми, Кыргызстандагы ЖОЖдор Кореянын университеттери менен эки тараптуу макулдашуулардын негизинде кызматташууда.

БГУнун “Кёнг Хи” жана “Чун Анг” университеттери менен байланышы бар. Ошондой эле, 2015-ж. Конгук университети менен академиялык алмашуу жөнүндө келишим түзүлгөн. Бул келишимде эки университеттин профессор жана студенттер, маалымат менен алмашуу, бирге илимий изилдөө жүргүзүү пунктары каралган. 2015-ж. БГУ жана Кореянын Азия жана Тынч Океан Ассоциациясы менен кызматташтык келишими түзүлгөн. БГУнун Чыгыштануу факультети Корея билим берүү фондунун программаларына катышат. “Pacific Asia Society” проекти аркылуу БГУнун студенттери Кореяда стажировка өтүп турушат жана корей студенттеринин катышуусу менен Чыгыштануу факультетинде Корея жөнүндө жайкы курстар өткөрүлөт [23].

И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин маалыматы боюнча КМУ Кореянын алты университети менен кызматташат. Анын ичинде Конкук Университети, Кангвон Улуттук Университети, Кванджу институту.

Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин Сеул Университети, Андонг улуттук университеттери менен байланышы бар. Улуттук Университетте Корей Борборунун ачылуусу пландаштырылууда [24].

Кыргыз-Россия Славян Университтетинин Кореянын Санг Мёнг университети менен байланышы бар [25].

Ал эми, Ош Мамлекеттик Университети Ханнам, Чонбук улуттук университети, Корей энергетикалык ресурс институттары менен байланышы бар [26].

Кыргызстан менен Кореянын ортосундагы маданий келишимдин негизинде 2001-ж. май айында Бишкекте Корей билим берүү борбору ачылган [8,134-б]. 2010-ж. Борбордун директору Чон Мин Гю мырзанын айтымында Корей Борборунун негизги максаты- корей тилин үйрөтүү [27, 12-б]. Корей борборунда корей тили курсу орус жана кыргыз группаларында акысыз үйрөтүлөт. Ошондой эле, компьютер, барабан, таэквондо жана корей бийи курстары да бар.

Корей билим берүү борборунун колдоосу менен корей тили бир гана Бишкек шаарында эмес, Кара-Балта, Токмок шаарларындагы бала-бакчаларда, мектептерде да үйрөтүлөт. Ошондой эле, ЖОЖдордогу корей бөлүмдөрүнө көмөк көрсөтүлөт [28]. Бишкектеги ЖОЖдордон тышкары, Корей билим берүү борбору Оштогу корей тилин үйрөтүүчү 3 ЖОЖ менен байланыш түзгөн [27, 12-б].

Кыргызстандагы окуучулар жана студенттер Кореядагы университеттерине бакалавр, магистратура жана докторантурага стипендиялык программа боюнча же контракт бөлүмүнө тапшыра алышат. Кореядагы билим берүү жөнүндөгү маалымат берүү үчүн уюштурулган көргөзмөлөрдө Кореядагы университет жана программалар боюнча маалымат алса болот.

Азыркы учурда кыргызстандык студенттер негизинен Кореянын алдыңкы университеттери болгон Сеул, Соганг, Хангук, Йонсей университеттеринде магистратура жана докторантура бөлүмдөрүндө билим алышат. Ошондой эле, Корей борборунун директору Ли Енг Хун мырзанын айтымында кыргыз бүтүрүүчүлөрүнүн корей колледжине стипендиялык программа боюнча тапшырууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн [29].

Кыргызстандагы корей элчиси Джон Бенг Ху мырзанын айтымында жыл сайын 10-15 студент Кореяга окуганы жөнөтүлөт. Азыркы учурда Кореяда 150 кыргызстандык студент билим алып жатышат [30]. Ал эми, Кыргызстанда 118 кореялык студенттер билим алып жатышат [31].

Кыргызстан менен Корей Республикасынын маданият жана билим-берүү байланыштары калыптангандан бери азыркы күнгө чейин ар тармактуу иш чаралар аркылуу өнүгүп келүүдө. Эки мамлекеттин бири-бирине кызыгуусу, Кыргызстандагы корей диаспорасы, кыргыз жана корей элдеринин тил жана маданияттарынын окшоштуктары, тарыхый байланыштары, маданий жана билим берүү кызматташтыктарды мындан ары өнүктүрүү үчүн жакшы шарттарды түзөт.

***Терминдер***

Азия жолборстору – кыска мөөнөттүн ичинде зор экономикалык көрсөткүчтөргө жеткен Азия мамлекеттери. Аларга Түштүк Корея, Сингапур, Тайвань жана Гонконг кирет.

"Халлю" (Корей толкуну) – биринчи жолу кытай журналисти корей сериалдарынын Кытайда популярдуу болушун "Корей толкуну" деп атаган. Кийинчерээк бул термин Кореянын массалык жана улуттук маданиятына кызыгууну түшүндүргөн термин болуп колдонулуп калды.

***Колдонулган адабияттар***


1. URL: http://countrymeters.info/ru/Republic_of_Korea
2. *Калимова С.Х.* Роль "диалога культур" в международных отношениях / С.Х. Калимова // Вестник КРСУ. 2011. Том 11. № 2.
3. Республика Корея: Цифры и факты. Сеул, 2003.
4. *Конкобаев К.К.* Проблемы алтаистики: корейцы и кыргызы / К.К. Конкобаев // Корейско-Среднеазиатская международная научная конференци "Направления сотрудничества по экономическому и культурному обмену между Республикой Корея и странами Центральной Азии". Бишкек, 2013.
5. Восточная Азия. Свет древней культуры Когуре. Когуреские настенные росписи: Выставка в Кыргызстан. Бишкек, 2009.
6. Первый шаг: О выступлениях в Бишкеке фольк. группы из Юж. Кореи "Себи": Заметка // Вечерний Бишкек. 1995. 7 сент.
7. Отчет отдела внешних связей МОНиК КР за 1996–97 гг.
8. *Кулубаев Ж.М.* Современное состояние кыргызско-корейских отношений / Ж.М. Кулубаев, В.Г. Лю // История, культура и быт корейцев Казахстана, Кыргызстана и Узбекистана: материалы международн. науч. конф. Бишкек, 2003.
9. Первый корейский фестиваль в Кыргызстане.
10. *Молдалиева А.* Музыка утренней свежести / А. Молдалиева // Слово Кыргызстана. 2012. № 61. 6 июня.
11. *И Сон И.* Корея сегодня / И Сон И., Пяк Тхэ Хен, И Менг Сук. Бишкек, 2011.
12. URL: stat.kg/ru/statistics/naselenie/
13. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрилигинин маалыматы боюнча.
14. URL: http://www.kginform.com/ru/news/20110526/03048.html
15. URL: http://www.vb.kg/kabarordo/doc/247454_tyshtyk_koreialyktar_manassemetey_jana_seytek_bouncha_tasma_tartyshat.html
16. *Халанский И.В.* Из истории международных отношений Кыргызской Республики в сфере образования: 1991–1999 гг. / И.В. Халанский. Бишкек, 2000.
17. URL:http://www.vb.kg/kabarordo/doc/231454_ylyttyk_kitepkanada_koreia_borbory_achylat.html
18. *Ли Г.Н.* Корейцы в Кыргызстане: история в лицах, обряды, обычаи и статьи / Г.Н. Ли. Бишкек, 1998.
19. Отчет отдела международных отношений КРСУ за 1996–1998 гг.
20. Отчет международного отдела КГПУ за 1996–1998 гг.
21. Отчет отдела международных связей ОшГУ за 1995–1999 гг.
22. URL: http://courses.kg/2014/07/kkiac/
23. URL: https://sites.google.com/a/bhu.kg/ru/academics/fvmo
24. URL: www.university.kg
25. URL: http://www.krsu.edu.kg
26. URL: http://www.oshsu.kg
27. *Ким Э.* Уроки корейского / Э. Ким // Вечерний Бишкек. 2010. 23 августа.
28. URL: for.kg/news
29. URL: http://rus.azattyk.org
30. URL: ca-news.org/news
31. URL: kabar.kg/rus/science-and-culture